| | |
|---|---|
| **БЕКИТЕМИН**<br>**Ош МУнун ректору,**<br>**профессор**<br>**К.Г.Кожобеков**<br>**_______________**<br>**«____» _________ 2024-ж.** | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>**Ош МУнун коомчулук менен иштөө**<br>**жана жаштар саясаты боюнча проректору**<br>**Н.А.Мапаева**<br>**_______________**<br>**«25» 01 2024-ж.** |

**ОшМУнун 85 жылдыгына карата өткөрүлө турган**
**"ОшМУ мырзасы" жигиттер сынагынын жобосу**

## I. Сынакты уюштуруунун максаты жана милдети:

- ОшМУнун студент-мырзаларынын арасынан мыкты мырзаны тандап алуу;
- Окуу жайды студенттер арасында даңазалоо;
- Жалпы студенттерге мырзалыктын мыкты үлгүлөрүн көрсөтүү;
- Студент- мырзалардын интеллектуалдык жана маданий деңгээлин көтөрүү;
- Студент жаштардын маданий эс алуусун уюштуруу;
- Студент жаштардын эстетикалык табитин арттыруу;
- Студенттердин сергек жана активдүү жашоо образын чагылдыруу;
- Студент жаштардын ынтымагын, достугун чыңдоо;
- Таланттуу студенттерди табуу жана алардын жөндөм-шыктарын өстүрүү;
- Студенттерди мекенчилдике тарбиялоо.

## II. Сынакты өткөрүү убактысы жана жайы:

Сынак 2024-жылдын 22- февраль күнү 10:00дө **"Кыргызстан"** кинотеатрында өткөрүлөт.

## III. Сынакты өткөрүү тартиби жана эрежеси:

- Каттоо уюштуруу тобу тарабынан жүргүзүлөт;
- Сынак 4 турдан турат;
- Сынак кыргыз тилинде өткөрүлөт;
- Сынак массалык маалымат каражаттары тарабынан коомчулукка чагылдырылат;
- Баалуу белектер жана номинациялар уюштуруу тобу тарабынан бекитилет;
- Сынакка катышууну каалаган студенттер факультет, колледждердин декандын билдирүүсү менен катыша алат.

## IV. Сынактын программасы:

*I тур.* **"Саламдашуу"**- катышуучулар улуттук кийимде чыгып, кыргыз же орус тилдеринде өз чыгармачылыгы (фантазиясы) менен өзү жөнүндө, туулган жерин, Мекенин, окуу жайын даңазалоо менен саламдашат. *(3мүнөт) (Саламдашуунун,оригиналдуулугуна,чыгармачылдыгына,маданияттуулугуна жана көркөмдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулат о.е ушул критерийлер сынактын башка турларында да эске алынат).*

*II тур.* **"Интеллектуал мырза"**- катышуучулар уюштуруу тобу тарабынан даярдалган суроолорго жооп беришет.

1) Кыргызстан тарыхы, салт санаасы, логикалык жана фактологиялык суроолор берилет;
2) Кырдаалдан чыгуучу, мырзалык сапаттарды аныктоочу суроолор берилет.

*III тур.* **"Күч сыноо"**- конкурсанттар 16 кг салмактагы гиряны эң көп көтөрүү менен өз күчтөрүн сынашат.

*IV тур.* **"Таланттуу мырза"**-катышуучулар берилген убакыттын ичинде өздөрүнүн каалаган талантын көрсөтүүгө тийиш.(4мүнөт)

## V. Ош МУнун факультет-колледждердин декандын (директордун) тарбия иштери боюнча орун басарларынын жана СК төрага-төрайымдарынын милдеттери:

- Сынак тууралуу студенттерге маалымат берүү жана сынактын эрежеси менен тааныштыруу;
- Факультет- колледждерден бул сынакка катышуучуну тандап алуу жана факультеттер аралык сынакка материалдык, моралдык жактан даярдоо, колдоо көрсөтүү.

## VI. Уюштуруу тобунун милдеттери жана укуктары:

- Иш-чараны сынактын жадыбалы боюнча уюштуруу;
- Калыстар тобунун курамын бекитүү;
- Сынактын өтүшү жана жыйынтыгы жөнүндө массалык маалымат каражаттарына жарыялоо;
- Сынактын шарттарына кайдыгер караган жана тиешелүү талаптарды канааттандырбаган катышуучуларды сынактан четтетүү;
- Зарыл учурда сынактын жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү.

## VII. Калыстар тобу:

- Калыстар уюштуруу тобу тарабынан аныкталат;
- Калыстар тобунун мүчөлүгүнө окумуштуулар, адабиятчылар жана искусство тармагындагы белгилүү инсандар дайындалат;
- Калыстар тобунун чечими талкууга алынбайт жана өзгөрүлбөйт.

**Эскертүү:**

- ***Ар бир факультет, келледжден бирден гана студент катыша алат;***
- ***Ар бир катышуучу убакытты эске алуусу кажет берилген убакыттан ашса балдары кемитилет;***
- ***Сынакка катышууну каалаган студенттер 31-январга чейин уюштуруу тобуна билдирүүнү берүүгө тийиш.***

## VIII. Ыйгарылуучу номинациялар

Сынактын жыйынтыгында уюштуруу тобу тарабынан төмөндөгүдөй номинациялар ыйгарылат:

***Жалпы байге фонду: 39000 сом:***

I орунга: *16000* сом сыйлык;
II орунга 11000 сом сыйлык;
III орунга 6000 сом сыйлык;
***«ОшМУнун күчтүү мырзасы» 2000*** сом сыйлык;
***«ОшМУнун талантуу мырзасы»*** 2000 сом сыйлык;
***«Instagram мырзасы»*** 2000 сом сыйлык.

**Уюштуруу тобу:**
**Ош МУнун студенттик кеңеши**

**Дареги:**
**Ош МУнун башкы имараты.**
**Тел.: +996701 66 13 08**

**Ош МУнун студенттик**
**кеңешинин төрагасы:** **О. Тойчубек уулу**